Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Б. ДЖАМГЕРЧИНОВ АТЫНДАГЫ ТАРЫХ, АРХЕОЛОГИЯ ЖАНА ЭТНОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ

**Диссертациялык кеңеш Д 07.23.671**

**Кол жазма укугунда**
**УДК: 9:93:94(575,2)**

**Таиров Хайриддин Рахманалиевич**

# КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН ТАРЫХЫ

**07.00.02 – Ата–Мекен тарыхы**

**Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек 2024**

Диссертациялык иш Баткен мамлекеттик университетинин М. М. Тайиров атындагы Кызыл-Кыя гуманитардык – педагогикалык институтунун кыргыз тили жана тарых кафедрасында аткарылган

**Илимий жетекчиси:** **Каратаев Олжобай Кубатбекович**
тарых илимдеринин доктору, профессор, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Кыргыз-Европа факультетин профессору

**Расмий оппоненттер:** **Абытов Байболот Капарович**
тарых илимдеринин доктору, профессор, Ош мамлекеттик университетинин Чыгыш таануу кафедрасынын профессору

**Рыскулов Токтобек Мамбетович**
тарых илимдеринин кандидаты, доцент, К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин Эл аралык мамилелер кафедрасынын башчысы

**Жетектөөчү мекеме:** А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин тарых кафедрасы. Дареги: Ош ш., Н. Исанов көч., 73

Диссертациялык иш 2024-жылдын 20-декабрында саат 15.30да Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгырчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна караштуу тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча уюштурулган Д 07.23.671 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720033, Бишкек ш., Фрунзе көчөсү 547. Диссертацияны коргоонун онлайн трансляциясынын идентификациялык коду: https://vc.vak.kg/b/072-7sm-mcz-hia.

Диссертация менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (720033, Бишкек ш., Жибек Жолу пр. 394), жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынан (720010, Бишкек ш., Чүй пр., 265а) илимий китепканаларынан, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын “https://vak.kg/” сайтынан таанышууга болот.

Автореферат2024-жылдын 20-ноябрында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**тарых илимдеринин доктору** **Карыева А. К.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**. Кыргыз Республикасын 2040–жылга чейинки туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында аймактарды заман талабына шайкеш, узак мөөнөттүү өнүгүү программаларын илимий жана тастыкталган көз караштардын негизинде өнүктүрүү каралган[1]. Бүгүнкү күндө аймак таануу багытындагы илимий эмгектердин маанилүүлүгү түздөн–түз Кыргыз Республикасынын өнүгүү тарыхы менен байланышта. Өлкөнүн стратегиялык өнүгүү багытын аныктоодо аймактардын өнүгүүсүнө да чоң маани берилүүдө. Биз иликтөөгө алган Кадамжай районунун 1938–2024–жылдардагы Кеңеш доорундагы жана эгемендүүлүк мезгилиндеги тарыхы менен тыгыз байланышта болгон өнөр жайы өнүккөн район катары каралат. Кадамжай району административдик–аймактык бөлүнүү жагынан стратегиялык жактан өлкө үчүн маанилүү болгон Баткен облусунун курамына кирет.

Мамлекеттин аймактарды өнүктүрүү саясатына ылайык алардын калыптанып, өнүгүү тарыхын комплекстүү изилдөө бүгүнкү күндөгү актуалдуу проблемалардан. Биричиден, өлкөнүн аймактарынын тарыхын изилдөө ишинде Кадамжай районунун калыптанып, өнүгүү тарыхын изилдөө иши буга чейинки тарыхнаамалык эмгектердин атайын изилдөө объектиси болгон эмес, ошондуктан аймак таануу багытындагы тарыхнаамалык эмгектерди толуктамакчы.

Экинчиден, Кадамжай району стратегиялык жактан өзгөчө макамга ээ. Ал Баткен областынын аймагына киргендиктен, областтын административдик субъектиси комплекстүү изилдөөнү талап кылат.

Үчүнчүдөн, изилдөөгө алынып жаткан райондун аймагында Кыргызстандын өнөр жайынын тарыхындагы кен иштетүүчү ири ишканалар орун алган. Райондун Кеңеш доорундагы калыптануу, өнүгүү этаптарынан баштап, эгемендүүлүк мезгилдеги пландуу өнүгүүдөн базар экономикасына өтүү учурундагы коомдук–саясий, экономикалык трансформациялануусунун тарыхый өнүгүү процессин илимий изилдөөгө алуу бүгүнкү күндөгү актуалдуу маселелердин бири катары эсептелет.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар (долбоорлор) жана илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык иш демилгелүү эмгек болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери**. Диссертациялык иштин негизги **максаты** – Кадамжай районунун Кеңеш доору жана эгемендүүлүк мезгилиндеги социалдык–экономикалык жана маданий жактан өнүгүү тарыхын комплекстүү изилдөө болуп эсептелет. Изилдөө ишинин максатына ылайык төмөндөгүдөй **милдеттер** коюлду:

1. Илилдөө ишинин объектисине жана предметине ылайык тарыхнаамалык эмгектерге, тарыхый булактык базага анализ берүү;
2. Кадамжай районунун административдик–аймактык түзүлүшүнүн калыптануу тарыхын аныктоо;

3. Райондун Кеңеш доорундагы экономикалык өнүгүүсүнө анализ жүргүзүү;

4. Аймактын Кеңеш мезгилиндеги социалдык–маданий абалын иликтөө;

5. Кадамжай районунун эгемендик мезгилдеги айыл чарбасынын өнүгүүсүнө анализ кылуу;

6. Эгемендик мезгилдеги өнөр жайдын жана жеке ишкердиктин өнүгүү абалына баа берүү;

7. Райондун социалдык, маданий өнүгүүсүнүн эгемендик мезгилдеги абалын анализдөө.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

1. Кадамжай районунун Кеңеш жана эгемендик мезгилдериндеги тарыхы өз алдынча комплекстүү атайын изилдөө болуп эсептелет;

2. Кадамжай районун Кеңеш жана эгемендүүлүк мезгилиндеги изилдөө багыты боюнча жазылган тарыхнаамалык эмгектерге анализ жасалып, райондун тарыхы, экономикалык жактан өнүгүүсү жана перспективалары боюнча бир катар жаңы тарыхый булактар, архивдик маалыматтар алгачкы ирет илимий айлампага киргизилди;

3. Кадамжай районунун административдик–аймактык түзүлүшүнүн Кеңеш мезгилиндеги калыптануу тарыхына, экономикалык өнүгүү багыттарына–айыл чарбасынын, өнөр жайынын, ишкердиктин–тарыхый булактардын, статистикалык маалыматтардын негизинде комплекситүү изилдөөгө алынып, жыйынтыктар чыгарылды;

4. Эгемендүүлүк мезгилдеги райондун экономикалык өнүгүү багыттары–айыл чарбасынын, өнөр жайынын, жеке жана чакан ишкердик–статистикалык маалыматтардын негизинде комплекстүү изилдөөгө алынып, өнүгүү перпекитваларына анализ кылынды;

**Изилдөөнүн илимий-практикалык мааниси.** Диссертациялык изилдөөдө алынган жыйынтыктары тарыхнаамалык негизде чөлкөм таануу багытындагы изилдөөлөрдү жүргүзүүдө, илимий, окуу–усулдук, край таануу багытындагы китептерин даярдоодо кеңири пайдалануу менен студенттерге, мектеп окуучуларына өлкөнүн аймактарын таануу, мекенчилдикке тарбиялоо багытындагы дарстарды окууда колдонууга сунушталат.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору**:

1. Кадамжай районун өз алдынча административдик-аймак катары калыптануусуна 1920-1930–жылдардагы Кыргызстандын советтик мамлекеттик түзүлүү этаптарындагы райондоштуруу боюнча мамлекеттик чечимдери негизги болгон. Административдик-аймактарга бөлүштүрүү принциптеринин жана Кеңеш башкаруу системасынын Фергана өрөөнүн райондоштуруудагы өз учурундагы кетирилген мүчүлүштүктөр азыр деле райондун аймагынынын коопсуздугуна түздөн–түз таасирин тийгизүүдө. Кадамжай районунун аймагында коңшу мамлекеттердин анклавдарынын болушу эгемендүүлүк мезгилдеги чек арадагы конфликтердин келип чыгышына, о.э. райондун экономикалык коопсуздугун жаратууда.

2. Кеңеш мезгилинде Союздук маанидеги стратегиялык өнөр жайлары бай аймак болгон. Кыргызстандын оор өнөр–жайынын Кеңеш мезгилиндеги өнүгүүсүнүн башында турган Кадамжай жана Айдаркен металлургиялык комбинаттары, изилдөөлөрдүн натыйжасы белгилегендей модернизациялоого муктаж.

3. Эгемендүүлүк мезгилдин 1991–2008–жылдар аралыгындагы коомдук–саясий, социалдык–экономикалык өнүгүүсүндө айыл чарба, өнөр жай өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу, экономикасын диверсификациялоо, жергиликтүү ресурстарды сарамжалдуу пайдалануу, айыл чарба, өнөр жай рыногун кеңейтүү үчүн кабыл алынган мамлекеттик программалар, реформалар райондун аймагынын экономикалык өнүгүүсүндө жакшы натыйжаларды берген эмес. Бул райондун аймагындагы калктын социалдык-экономикалык абалынын төмөндөшүнө, жумушсуздуктун, ички, тышкы миграциянын күч алышына алып келген.

4. Райондун географиялык жактан ыңгайлуу аймакта жайланышы, автомобиль жолдорунун тармагын, темир жолдун эмгек жана экономикалык ресурстарынын жетиштүү болушу айыл чарбасынын, жеке ишкердиктин өнүгүүсүнө ыңгайлуу. Райондун өнүгүүсүнүн бул перспективасы жумушсуздуктун азайышына, миграциянын азайып токтолушуна, райондун калкынын социалдык абалынын өнүгүүсүнө, социалдык–маданий инфраструктураны жакшыртууга шарт түзмөкчү.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Кадамжай райондун тарыхы диссертациялык изилдөөнүн объектиси катары алгач изилдөөгө алынды. Изилдөө ишинде Кадамжай районунун тарыхы, өнүгүүсү боюнча тарыхый архивдик булактар Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивиндеги, Кыргыз Республикасынын Саясий документтер БМА, Баткен областынын, Кадамжай районунун мамлекеттик архивиндеги маалыматтар иргелип алынды жана алгачкы ирет илимий айлампага киргизилди.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын апробацияланышы.** Диссертациянын негизги жыйынтыктары менен илимий жаңылыктары республикалык жана Эл аралык илимий–практикалык конференцияларда, Симпозиумдарда изденүүчү тарабынан апробацияланган. Мамлекеттик жана коомдук ишмер А. Масалиевдин 80 жылдыгына жана БатМУнун Кызыл–Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун түзүлгөндүгүнүн 15 жылдыгына арналган илимий-практикалык конференцияда (апрель, 2013-ж.), 2014–жыл Кыргыз Республикасында “Мамлекеттүүлүктү бекемдөө жылынын” жарыяланышына карата уюштурулган I эл аралык «Түрк элдеринин мамлекетти башкаруу салты» конгрессинде (2014-ж. 3-4-апрель) ж.б.

**Диссертациянын жыйынтыгынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу.** Диссертациянын негизги жыйынтыктары менен мазмунуатайын рецензиялануучу чет өлкөлүк жана жергиликтүү илимий журналдарга чыккан 8 илимий макалда чагылдырылган.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү**. Диссертациялык иш киришүүдөн, төрт баптан, сегиз бөлүктөн, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациянын көлөмү 148 бет.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманынын актуалдуулугу, максаты жана милдеттери, илимий жаңылыгы, теориялык–практикалык мааниси, коргоого сунушталган негизги жоболор, изилдөөнүн хронологиялык алкагы, диссертанттын жеке салымы тууралуу маалыматтар берилген.

Диссертациянын **«Изилденүүчү маселесинин тарыхнаамасы»** деп аталган биринчи бабында диссертацияларга коюлган талаптарга ылайык изилдөөнүн тарыхнаамасы каралды. Кадамжай районунун тарыхы боюнча атайын изилдөөлөр болбогондугуна карабастан, Кеңеш бийлигинин мезгилинде жумушчу табынын тарыхына, тоо–кен өнөр жайына, өндүрүшкө, илимий–техникалык прогресске, беш жылдыктардын аткарылышына ж.б. темаларга арналган бир катар эмгектер бир топ. Ал эмгектердин баалулугу тигил же бул илимий маселени ачып берүүдө Кадамжай районунун өнөр жайы, социалдык–экономикалык жана маданий маселелери, шаарчалардын инфраструктурасы да кошо каралып, биздин илимий ишке тиешелүү тарыхый, статистикалык фактылар, айрым процесстер жөнүндөгү маалыматтар камтылган. Кадамжай районун тарыхын изилдөөгө тийешеси бар эмгектерди үч топко бөлүп карадык: 1) тарыхчы окумуштуулардын эмгектери; 2) окумуштуу, адис геологдордун изилдөөлөрү; 3) райондун тарыхы менен байланышкан мамлекеттик ишмерлердин эмгектери.

***Биринчи топту*** диссертациянын хронологиялык алкагына ылайык тарыхчы илимпоздордун илимий эмгектери түздү.

Кыргызстандын анын ичинде азыркы Кадамжай районуна тийиштүү аймактардагы, алгачкы айылдык кеңештердин түзүлүшүндө кээ бир кыйынчылыктарды, өзгөчө Кеңеш бийлигине каршы топтун күчтөрү алгачкы артелдерди, кооперативдерди курууга жолтоо болгондугу жөнүндөгү маалыматтарды т.и.д Дж. М. Малабаевдин “Укрупление Советов Киргизии в период строительство социализма (1917-1937)” – деген эмгегинен учкай кезиктирүүгө болот. Ошону менен бирге түштүк Кыргызстанда Кеңеш бийлигинин орношу, бекемделиши, эл чарбасынын социалистик кайра куруулары боюнча бизге тийешелүү бир катар маалыматтар кездешет. Бирок тилекке каршы азыркы Кадамжай районунда Кеңеш бийлигинин орношу жөнүндө толук изилдөө жүргүзүлбөгөн.

Т.и.д. С. А. Аттокуров “История индустриальные развитие Киргизии”– деген китебинде Кадамжай сурма комбинатын калыптанышын карап, комбинатта өндүрүлгөн сырьенун сапатуулугу өнөр жайдын өнүгүүсүнө түрткү болгонуна токтолот. С. Аттокуловдун өлкөнүн өнөр жайынын өнүгүшүнө арналган эмгектери кыргыз таарыхнамесине барандуу салым кошкон.

Окумуштуунун эмгектеринде көтөрүлгөн актуалдуу проблема кеңири тарыхый булактардын негизинде терең изилденгендиги менен айырмаланып турат.

Кыргызстандын жумушчу табынын 1946–1953–жж. өлкөнүн өнөр жайын өнүктүрүү үчүн болгон күрөшкө арналган Ш. Ширияздановдун эмгегинде, Кыргызстандын согуштан кийинки абалына мүнөздөмө берилип, партиянын, өлкөнүн өнөр жайын, анын ичинде Айдаркен сымап, Кадамжай сурма өнүктүрүү жаатындагы иш-аракеттери көрсөтүлгөн.

Х. М. Мусин "Рабочий класс Советской Киргизии" деген эмгегинде Кадамжай сурма, Айдаркен сымап комбинаттарынын шахтерлорунун ишмердүүлүгүнө токтолгон.

Айдаркен, Сох, Чаувай, Пүлгөн, Сур кыштактарынын сымап, сурма комбинаттарынын курулушунда эмгектенген жумушчулардын абалы жөнүндө этнограф Какен Мамбеталиева «Жилище и жилищно–бытовые условия рабочих Кыргызстане» деген эмгегинде терең изилдеген. Мисалы, Кадамжай сурма комбинатынын биринчи башкы инженери келечектеги профессор, Лениндик сыйлыктын ээси С. Мельниковдун эмгеги жөнүндө кеңири маалыматтарды берет. Кадамжайдагы алгачкы 3 барак үй курулгандыгын, бул жерде 60–65 адам жашагандыгы, ал эми 1937-жылдан баштап пионер лагер, магазин, стадион, курулгандыгы жөнүндөгү К. Мамбеталиеванын эмгегиндеги изилдөөлөр бизге Кадамжай сурма комбинаты, келечектеги Кадамжай шаарынын жөнүндөгү маалыматтарды берет. Аталган эмгекте 1939-жылкы эл каттоо боюнча Кадамжайда 1822 киши жашагандыгы жөнүндө маалыматы берүү менен бирге, анын шаар болуп түзүлүшүнө сурма комбинаты негизги фактор экендигин автор туура белгилеген. О.э. Айдаркенде чоң көчөгө геолог Д. И. Шербаковдун атынын берилиши кыргыздардын кендин ачылышынын башында турган окмуштууга көрсөткөн сый-урматы катары баалаган. К. Мамбеталиева райондогу Кадамжай, Айдаркен, Чаувай, Кан айылдарынын эсебинен Кыргызстан сурма, сымап өндүрүү боюнча алдынкы орунду ээлейт деп баса белгилеген.

Кыргызстандагы социалисттик айыл чарбанын түзүлүү, өнүгүү тарыхы советтик тарыхнаамада кеңири изилденген. Белгилүү тарыхчылар С. И. Ильясов «Победа социалистических отношений в сельском хозяйстве Киргизии», Т. Д. Дүйшемалиев "Борьба КПСС за укрепление колхозов (Из истории колхозного строительства в Киргизии)", В. Д. Самсонов "Советское крестьянство Киргизии в годы Великой Отечественной войны" эмектериде кеңири тархый булактык мүнөздөгү фактлардын негизинде изилдөөгө алышкан. Окумуштуулардын изилдөөлөрү негизинен социалисттик түзүлүштүн өнүгүү багытындагы, айыл чарбасынынын артыкчылыктарына басым жасалып, өнүгүү абалына, тарыхына баа берүүдө, статистикалык малыматтарга кеңири токтолушкан. Бирок биз изилдеп жаткан Кадамжай районунун айыл чарбасына учкай токтолушкан.

Тарых илимдеринин доктору Сүйүн Керимбаев «Советский Киргизстан в Великой Отечественной войне 1941-1945 гг» – деген эмгегинде Кыргызстандын Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында Кадамжай сурма комбинаты алган

милдеттемелерин нормадан ашыкча аткаргандыгын, аялдардын согушка кеткен күйөөлөрүнүн ордуна эмгектенгендиги жөнүндө токтолгон. Ошол эле жерде стратегиялык сырье болгон сурманы өндүрүү үчүн завод тез темп менен курулуп бүтүп, комбинат керектүү маталлды өндүрүүнү 1940-жылы чыгаргандыгы жөнүндө маалымат берет. Бул маалыматтар Кадамжай сурма, Айдаркен сымап комбинаттарынын курулушу жөнүндө, Айдаркен сымап комбинатынын курулушуна коңшу Фергана областынан 1000ден ашык куруучу, жумушчулар катышкандыгын белгилейт. Заводдун курулушуна Союздук бюджеттен 26.5 млн рубль бөлүнгөндүгүн, Айдаркен сымап комбинаты 1942–жылдын июнь айында толук ишке киришкендигин белгилеп кеткен.

Айдаркен сымап комбинатында иштеген жумушчулардын социалистик мелдештерде шахтёрлорунун, металлургдарынын эмгектери чагылдырылган. Мисалы, 1943-жылы комбинатта 25 адамдан турган комсомолдук агитациялык бригада уюштурулгандыгын Б. Д. Чыймылова «История развития социалистического соревнования в промышленности Киргизии» – деген монографиясында белгилеген. Жумушчулар өздөрүнө берилген тапшырмалардан тышкары фронттогу жоокерлердин үй–бүлөлөрүнө жардам көрсөтүп турушкан. Чаувай, Мелик-Суу жана Кадамжай шахталарынын жумушчуларынын, ишканада эмгектин маанисин, эмгек тартибин чыңдоо, өндүрүштүк ыктарды өздөштүрүү, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу менен байланыштырган окумуштуу. Металл иштетүүчү ишканалардын, М. В. Фрунзе атындагы сурма комбинатында иш методдору жана тажрыйба алмашуу боюнча семинарлар дайыма өткөрүлгөндүгүн белгилеген. Анда эмгекчилердин ар турдуу категорияларына дифференциялаштырылган мамиле жасоого олуттуу көңүл бурулгандыгын изилдөөгө алынган.

Кыргызстандын өнөр жайынын тарыхын изилдөөдө профессор А. С. Ормушевдун да салымы чоң. Кыргызстандын материалдарынын мисалында “Коммунизмдин метериалдык–техникалык базасын түзүүдөгү жумушчу–курулушчулардын күрөшү”–деген темада кандидаттык диссертация коргоп, “Улуттук жумушчулардын тарыхы” – деген эмгегин жана бир катар илимий макалаларды жазган. Өнөр жайлуу шаарлардын бири Айдаркенде кыргыз эли, туруктуу шаардын жашоочулары катары аз санды түзүшкөндүгүн көрсөтүү менен бирге алардын балдары шаардагы техникалык кесиптик окуу жайларда азыраак санда гана окушканын, анын негизги себептеринин бири катары кесиптик-техникалык окуу жайлардын көпчүлүгүнүн жатаканасы жок экендигин белгилеген. Окумуштуунун эмгектери архивдик булактардын негизинде жазылып, чыгарган бүтүмдөрүнүн негиздүү экендиги менен айырмаланат.

Диссертациялык изилдөөнүн алкагындагы эмгектерге кайрылдык. Алардын арасында Ж. А. Адилбаев, Б. А. Нурунбетовдун илимий изилдөөлөрүндө өлкөдөгү жумушчулардын Кеңеш өлкөсүндөгү жумушчулар менен достук байланыштары, жумшчулардын орду жана алардын квалификациясын жогорулатуунун жана даярдоонун жолдоруна, жеңил өнөр

жай ишканаларынын өнүгүү абалына токтолушкан. Тарых илимдеринин доктору Б. К. Абытовдун «Подготовка рабочих и инженерно–технических кадров для промышленности Кыргызстана во второй половине 60–х годов» – деген темада диссетациялык изилдөөсү кыргыз таарыхнамесине барандуу салым кошкон. Профессор Б. К. Абытов көтөргөн актуалдуу маселе тарыхый булактардын негизинде терең изилденгендиги менен айырмаланып турат. Т. А. Абдырахманов «Кыргызстандын өнөр жайындагы илимий техникалык прогресс» деген диссертациялык изилдөөсүн жүргүзгөн. Алдынкы завод–фабрикалардын мисалында өндүрүштү илимий–техникалык прогресстин негизинде жүргүзгөн уюштуруучулук механизимдерин ачып бере алган.

Изилдөөнүн тарыхнаамасы жогорудагы бир нече эмгектердин жазылгандыгына карабастан, атайын диссертациялык изилдөөнүн предмети боло электигин, Кадамжай районунун түптөлүү, калыптануу, өнүгүү тарыхы мындан аркы изилдөөлөргө муктаж экендигин көрсөттү.

***Экинчи тотогу*** геолог окмуштуулардын эмгектери,

Натыйжада Фрунзе районунун калкы көбөйүп, ээлеген аянты бир топко кеңейген. Келечектеги Кадамжай районун кен байлыктары жөнүндөгү алгачкаы маалыматтар 1932–жылы май айында СССР Илимдер Академиясы, Коммуналдык Чарба Академиясы менен бирге Кыргызстанды изидөөнүн комплекстүү экспедициясы менен чогуу атайын отряд изилдөө, чалгындоо иштерин жүргүзгөн. Бул иштердин жыйынтыгы 1932–жылдын 1–6-октябрга чейин Кыргызстанда өндүрүш күчтөрүн жайгаштыруу боюнча конференцияда каралган. Конференцияда кыргыз жери баалуу кен байлыктарга бай экендиги белгиленген. СССР Илимдер Академиясынын, өндүрүштүк күчтөрдү изилдөө бөлүмүнүн 1934–ж. 23–октябрдагы отчетунда түштүк Кыргызстандын сымап, сурма зонасы жөнүндө маалыматтар бар.

Е. А. Радкевич- Айдаркендеги сурманы изилдөө, чалгындоо партиясынын катарында болуп Айдаркен кенин тапкандардын бири. Анын «Ляканское полиметаллическое месторождение-в Южном Фергане и его генезис» деген эмгегинде сымаптын кайсыл мезгилде пайда болгонун, канча тереңдикте жайгашкандыгы, андан сырткары түрдүү, түстүү металлдардын бар экендигин жөнүндө белгилеген. Ошондой эле Айдаркен кенинин ачылышына окмуштуу геологдор Д. И. Шербаков, В. Э. Поярков сиңирген эмгектерине баа берген. Бүгүнкү күнү Айдаркен шаарынын бир көчөсү Д. И. Шербаковдун ысымын алып жүрөт.

1945-жылы 23-декабрдагы “Кызыл Кыргызстан” газетасына Кыргызстан КП БКнын тоо–кен өнөр жай бөлүмүнүн орун басары Ю. Унановдун «Алдынкы комбинат» деген макаласы жарык көргөн. Ю. Унанов макаласында 1943-жылга чейин чечилбей келген сурма жана сымапты өндүрүүдө жаңы технологиянын киргенине токтолгон.

1969-жылы Кадамжай комбинатында 1964-жылдан 1975-жылга чейин комбинатты жетектеген, комбинаттын проблемаларын ийне жибине чейин билген И. К. Герасимовдун «Мастера серебристых плавок» деген китеби чыккан. Бул китепте 1928-жылы алгачкы сурма рудасын казып алынганын

жазат. Жаш Кеңеш мамлекети Кадамжайда өндүрүлгөн алгачкы сурманын ар бир тоннасын 12.5 фунт стерлингден саткандыгы жөнүндө маалымат кездешет. «Союз редметпроект» Кадамжайга фабрика куруунун долбоорун түзгөн. О.э. китепте Кадамжай сурма комбинаты ачылган күндөн 1969-жылга чейинки мезгилиндеги көптөгөн баалуу фактыларды келтирген.

1972-жылдын 12-декабрында СССРдин түстүү металлургия министри П. Ф. Ломаконун Кыргызстандын түстүү металлургиясына арналган көлөмдүү «Успехи цветной металлургии Киргизстана» деген макаласы жарык көргөн. Анда Айдаркендеги сымап комбинатынын экономикага салым кошкондугун, Улуу Ата Мекендик согушта жеңишке жетишүүдө Кадамжайдын сурмасы, Айдаркендеги сымаптын ролуна токтолуп, Кыргыз сурмасы жана сымабы өлкөнүн коргонуу жөндөмдүүлүгүнүн жогорулашына чоң салым кошкондугун баса белгилеген.

1974-жылы Кыргыз ИАнын Геология институту «Геология и полезное ископаемые Киргизии» деген жыйнак чыгарышкан. Бул эмгекте Кыргызстандагы кен байлыктардын изилденүү тарыхы, алардын жайгашкан жерлери, кимдер тарабынан изилденип каралгандыгы жөнүндө маалыматтар берилет. Кадамжай районундагы өндүрүштүн өнүгүүсү Н. Володин «Серебристый металл Кадамжая» деген эмгегинде каралган. Аталган эмгек биздин изилдөөбүз үчүн тарыхнаамалык мааниде гана эмес, булак таануу жаатындагы да чоң баалуу эмгек. Автор 1970-1980-жылдарда комбинатта 14 аталыштагы продукция өндүрүлгөндүгүн, комбинат чыгарган продукция өлкөнүн 241 ишкансында колдонулганын 30дан ашык чет өлкөгө экспортолгонун белгилеген.

**Үчүнчү топ**: мамлекеттик ишмерлердин эмгектери.

1976-жылы Кыргызстандын Ош областын 10 жыл жетектеген С. И. Ибраимов «Ошской область Киргизстана. Краткий очерк социално–экономического развития» деген эмгегинде Ош областындагы түстүү металл кендерин, Кадамжай жана Айдаркен кендерине токтолот. Андан ары С. И. Ибраимов Ош областынын экономикасын анализдеп жатып, түстүү металургияга өзгөчө көнүл буруп, сурма менен сымап комбинаттарынын ачылып калышы Улуу Ата Мекендик согуштун жүрүшүндө совет өлкөсү үчүн жеңишти камсыз кылганын белгилейт.

Биздин теманын изилденүү деңгээлин аныктоодо өлкөнү 25 жылга жакын жетектеген Т. У. Усубалиевдин «Эпоха. Созидания. Судьба» деген эмгегинин орду чоң болду. Автор Кадамжайдын сымабына токтолуп, Улуу Ата Мекендик согуш мезгилде Айдаркен сымап комбинаты тез арада курулгандыгын, ошондой эле өлкөнүн сымапка болгон муктаждыгын толук камсыз кылып, Кыргызстандагы сымаптын запасы боюнча, геологтордун берген маалыматы боюнча дүйнөлүк сымап кенинин 1/5 бөлүгү Кыргызстанда экендигин белгилейт. 58 жылда Айдаркен сымап комбинаты 30миң тонна сымап өндүргөндүгүн, чыгарылган продукция 1970–1980–жылдары дүйнөлүк рынокто 1 фляг сымап (34,5кг) 400 Америка долларына сатылып тургандыгын жазган. Эл чарбасы үчүн зарыл болгон баалуу материал сурмага токтолуп, 1940-1992-

жылга чейин 238 миң тонна сурманы Кыргызстан өндүргөндүгүн, ошондой эле кыргыздын сурмасы эталон экенин, анын 40 ашык өлкөгө экспортолорун белгилейт. 1970–1980-жылдарда сурманын 1 тоннасы дүйнөлүк рынокто 2300–2800 Америка долларына сатылгандыгын жазган. Автордун бул маалыматтары биздин илимий иштин максатын ишке ашырууда маанилүү гана болбостон, сурманын өлкөнүн экономикасындагы ролун да ачууга жардам берди.

Областынын социалдык-кономиклык өнүгүүсүнө арналган Баткен областынын «Баткен таңы» газетасынын атайын чыгарылышына областын губернатору Ж. П. Раззаков Кадамжай району үчүн өзгөчө мааниге ээ Көк-Талаа–Пүлгөн, Пүлгөн– Ак–Турпак Баткен унаа жолунун дүйнөлүк банк жана Еврокомиссия тарабынан 1миллрд 986 млн сомго курулганын белгилеген. Ошол эле атайын чыгарылышта күрүчтүн мекени болгон Ак–Турпак айыл өкмөтүнүн башчысы Алчынбай Төралиевдин «Баткен обласынан көчүп кеткендер эмес, Баткенге көчүп келгендердин саны арбыды» деген макаласында да райондун калкы чарба жүргүзүүдө жылдан жылга жетишкендиктерге жеткенин белгилейт.

Кыргызстандын эгемендүүлүк мезгилинде жер ресурстарын эффективдүү пайдалануу маселелеринде көйгөйлөр пайда болгон. А. М. Ташбаев, Д. А. Осмоналиева, Г.В. Бакирова «Эффективное использование земельных ресурсов и развитие аграрного сектора Баткенсой области» деген макалада кандай проблеммалар бар экендигин, айыл чарбасында кандай эгинди, жашылча жемиштердин түрүнүн өсүүсүнө анализ жасашкан. Анализ боюнча Баткен областынын 73,6 миң гектар айдоо аянтынын 70 % сугаруу аркылуу дыйканчылыкка жарактуу экендигин белгилөө менен суу маселеси Баткен областынын анын ичинде Кадамжай районунда курч экендигин токтолушкан. О.э. Бүргөндү масивин өздөштүрүүгө 396 млн 800миң сомго канал курулуп, 3489 га суу чыгарылганы жөнүндө маалыматтарды беришкен.

Диссертациянын экинчи бабы **«Изилденүүчү маселенин теориялык-методологиялык негиздери»** деп аталат.

**Изилдөөнүн объектиси** –Кадамжай районунун Кеңеш жана эгемендик мезгилиндеги тарыхы.

Бүгүнкү күндө Кадамжай чөлкөмүнө райондук мааниде 2 шаар (Кадамжай, Айдаркен), 115 айыл кирет. Район алгач түзүлгөндө Ош областынын аймагына кирген. 1999–ж. 12–октябрда Кадамжай району Ош облусунан жаңы түзүлгөн Баткен областынын курамына кирген. Диссертациялык иштин бекитилген хронологиясына ылайык изилдөө иши райондун административдик аймактык бөлүнүү мезгилинен (1938-ж.) баштап эгемендүүлүк мезгилиндеги тарыхы 2024–жылга чейинки мезгилди камтыйт.

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында калыптанган союздук негиздеги стратегиялык өнөр жай тармагы мамлекетти коргоо максатындагы өнөр жайлар үчүн керектүү продукцияны чыгарган ири ишканалары болгон.

80-жылдарындагы экономикалык өнүгүүнүн жаңылануусуну талап кылган шарттарындагы экономикалык каатчылык, союздук маанидеги ишканалардын ортосундагы биргелешкен иштөө механизминдеги мүчүлүштүктөр аймактагы

оор өнөр жай ишканаларынын иштөөсүнө өз таасирин тийгизбей койгон эмес. Ал эми эгемендүүлүк мезгилинде райондун экономикасы айыл чарба, өнөр жай жана кичи ишкердик багытында жүргүзүлгөн.

**Изилдөөнүн предмети:** Кадамжай районунун Кеңеш жана эгемендүүлүк жылдарындагы админстративдик түзүлүшүнүн тарыхы, экономикалык өнүгүүсүнүн динамикасы жана калкынын социалдык абалы.

Диссертациялык изилдөөнүн предметине ылайык Кадамжай районунун 1938-2024-жылдардагы калыптанып өнүгүү тарыхы менен бирге аймактын экономикалык, маданий өнүгүүсү жалпы Кыргызстандын өнүгүү тарыхынын алкагында каралды. Изилдөөнүн жүрүүсүндө аймактагы социалисттик кайра куруулар; Улуу Ата мекендик согуш мезгилигилиндеги райондогу айыл чарбасы менен өнөр жайынын абалы, калктын согуш мезгилиндеги кужүрмөн ишмердүүлүгү; согуштан кийинки 1946–1991–жылдар аралыгындагы өнүгүү тарыхы менен бирге 1991–жылдан кийинки эгемендүүлүк доорундагы райондогу коомдук-саясий, социалдык–экономикалык кайра куруулардын жүрүүсү, пландуу экономикадан базар экономикасына өтүүсү тарыхый булактар менен тарыхнаамалык эмгектердин негизинде каралды.

Диссертациянын темасынын **объектиси** менен **предмети** жана **изилдөө** ишинин милдеттерине ылайык колдонулган изилдөө ишинин тарыхый булактык базасын мүнөздөрүнө карай төмөндөгүдөй топторго бөлсөк болот: 1) мамлекеттик, укутук расмий документтер; 2) архивдик материалдар; 3) статистикалык маалыматтар; 4) массалык маалымат каражаттары; 5) сурамжылоо маалыматтары.

Кадамжай району өзүнчө административдик аймак катары 1938–жылы Ош округунун курамында алгач Халмион району деп аталган. Райондун өз алдынча админстративдик аймак катары калыптанышына кыргыз совет мамлекетинин калыптануу этаптарындагы тарыхый шарттар өбөлгө болгон. 1938-жылдын 2-мартындагы Кыргыз ССРнин Борбордук Аткаруу Комитетинин Президиумунун токтому: Райондогу чарбаларды башкарууну жакшыртуу, чарба жүргүзүүнү оптималдаштыруу максатында Молотов районунан өз алдынча курамында Көтөрмө, Охна, Халмион, Бирлик жана Жаркутан сельсоветтеринен болгон өз алдынча Халмион районун түзүү, райондун борбору катары Пүлгөн айылы болсун деген чечим Президиумда кабыл алынган. Ошол күндөн баштап азыркы өз алдынча Кадамжай районунун тарыхы башталат.

Андан кийин да жаңы түзүлгөн Халмион районунун курамында өзгөрүүлөр болуп турган. 1940-жылы 19-октябрда таанымал аскер башчысы М. В. Фрунзенин элесин түбөлүккө калтырыш үчүн СССРдин Жогорку Советинин Указы чыгып Халмион району Фрунзе району болуп, ошондой эле Кадамжай кенине да М. В. Фрунзенин аты берилген.

1942-жылы 13-февралда Кыргыз ССРнин Жогорку Советинин Президиуму Хайдаркан элдүү пунктун Хайдаркан жумушчулар шаарчасына айланткан. Фрунзе районуну админстративдик территориялык чеги 1959-жылы Үч–Коргон району жоюлуп, Үч–Коргон районунун Т. Кулатов атындагы

совхоздон башка чоң бөлүгү Фрунзе районуна кошулган. Бүгүнкү күнгө чейин ошол чек ара сакталган.

1992-жыл 6-мартта Кыргыз республикасынын Жогорку Кеңешинин токтомуна ылайк Фрунзе району Кадамжай району болуп өзгөртүлгөн. Районго өзүнүн тарыхый аты кайтарылган. Ошол эле токтомдун 2-пункутуна ылайык райондун борбору Фрунзе айылы өзүнүн тарыхый аты Пүлгөнгө ээ болду. 1999-жылдын 13-октябрда Кыргыз республикасынын Баткен областын түзүү жөнүндө мыйзам кабыл алган. Ошол мыйзамдын негизинде Ош областынын Кадамжай, Баткен, Лейлек райондору жана Кылыл-Кыя, Сүлүктү шаарлары Беткен областынын курамына кирген.

Булактардын экинчи тобун *архивдик материалдар* түзөт.

Диссертациялык илимий изилдөөдө төмөнкү архивдик фондордогу илимий изилдөөгө тиешелүү ар кандай материалдар пайдаланылды жана бул материалдар илимий изилдөөдө баа жеткис булак болуп эсептелди:

Борбордук мамлекеттик архивинин (КР БМА) Ф. 391, 523,1246,20, 21, 1445, 2359.

Саясий документтердин борбордук мамлекеттик архивинин (СД БМА) Ф. 7, 10, 14,56, 391.

Ош областык мамлекеттик архивинин (ОшМА) Ф. 1, 2, 226.

Баткен областтык мамлекеттик архиви (БОМА)

Фонд.46 –Халмион райондук кеңеши (1938-1940-жж.)

Ф. 323 – Эл депутаттарынын Фрунзе райондук кеңеши (1940-1989-жж.)

Ф. 102 – Мэрия ш. Кадамжай (1950-2010-жж.).

Булактардын *үчүнчү тобун* статистикалык маалыматтар түзөт. Биз Кадамжай районундагы Союз мезгилиндеги өнүгүүсүн ачып берүүдө «Ошская область в цифрах и фактах»–деген статистикалык жыйнактын бир топ баалуу материалдарды алдык. Ушул эле жыйнакта социалдык сектор боюнча да баалуу маалыматтар бар. Бул жыйнак биз карап жаткан маселени чечүүдө, райондун 1940-жылдан 1976-жылга чейинки өнүгүүсүнүн динамикасын көрсөтөт.

Биздин изилдөөдө Кыргыз Республикасынын 2018–2020-жылдардагы ИПДОнун отчётунан пайдаландык. (Инициатива прозрачности добываюших отраслей).

КР Улуттук статистика комитетинин жыйнактарында Кыргызстандын аймактары боюнча маалыматтар: калкы, өнөр жайы, айыл чарбасы, социалдык мекемелери ж.б. боюнча маалыматтар арбын кездешет. Аталган жыйнакта өлкөнүн өнүгүү багыттарынын бардык тармактары, социалдык секторлор пайыздык, катыштык жана үлүштүк тартипте анализденген. Мында жалпы калктын жашоо деңгээли, турмуш-тиричилиги, киреше булактары, миграция, жакырчылык ж.б. маалыматтар толугу менен камтылган.

Булактардын төртүнчү тобун *массалык маалымат каражаттары* түзөт. Кадамжай району өлкөдөгү өнөр жайлуу райондордун бири болгондуктан, массалык маалымат каражаттарынын көңүл чордонунда болуп келген. Мисалы, СССРдин түстүү металлдар министри П. Ф. Ломака «Советская Киргизия»

газетасынын 1972-жыл 12-декабрындагы санында «На крутом подеме» деген макаласы, И. Герасимовдун «Мастера серебристых плавок» деген эмгеги Кадамжай сурма комбинаты жөнүндөгү маалыматтарды, фактылары чындыкты чагылдырып турат.

***Изилдөөнүн методологиялык негиздери.*** Акыркы жылдары Кыргызстандын тарыхында аймактарды таануу багытында изилдөө актуалдуу маселелердин бири. Ошол эле учурда аймактарды таануу тарыхы боюнча изилдөө ишин белгилүү бир изилдөөнүн ыкмаларысыз ишке ашыруу мүмкүн эмес. Диссертациялык ишти жазууда тарых илиминин тарыхыйлуулук (историзм), объективдүүлүк принциптерин сактоо менен бирге системалуулук, сурамжылоо, тарыхый–баяндоо, статистикалык талдоо, тарыхый-салыштырмалуулук, биографиялык, тарыхый-хронологиялык, себеп-натыйжаларын талдоо, байкоо жүргүзүү, ретроспективдик жана оозеки тарых ыкмалары колдонулду. Белгилүү советтик окумуштуулар И. Д. Ковалченконун, Б. Г. Могильницкийдин, Е. М. Жуковдун, Н. И. Смоленскийдин тарыхый изилдөөлөрдүү жүргүзүү боюнча изилдөө ыкмалары жетекчиликке алынды. Тарыхый изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн ыкмаларын аныкташкан окумуштуулар илимий изилдөө иштеринде тарыхый фактыларды интерпретациялоодо тарыхыйлуулук принциптин сакталышы менен объективдүүлүктүн сакталышы эң негизги шарттардан экендигин белгилешкен.

Тигил же бул тарыхый изилдөөлөрдүн проблемасы таанып–билүү процесстеринин татаалдыгы менен көп түрдүүлүгүнөн айрым учурларда жалпылык мүнөзгө дагы ээ. Тарых илими салыштырмалуу башка коомдук–гуманитардык илимдерге караганда комплекстүү жана интегралдуу жалпылыкка ээ. Изилдөөгө алынып жаткан Кадамжай районун тарыхын изилдөөдө дагы жалпы коомдук илимдердин тутамындагы изилдөө ыкмалары дагы кеңири колдонулду.

Диссертациялык изилдөө ишинде тарыхый изилдөөлөрдө кеңири колдонуулучу конкреттүү–тарыхый, тарыхый-логикалык, тарыхый–салыштырма, статистикалык маалыматтарды талдоо сыяктуу бир катар методологиялык ыкмалар колдонулду.

Кадамжай районунун тарыхын изилдөөдө өткөндү таанып–билүүдөгү ретроспективдик ыкманы колдонуу менен райондун аймагынын кеңеш мезгилиндеги жана андан кийинки учурундагы калыптануу, өнүгүү динамикасына анализ кылынды. Натыйжада, 1938–2024-жж. аймактын тарыхы тарыхый булактардын негизинде комплекстүү каралып аймактын админстративдик түзүлүш катарында калыптануу тарыхы, экономикалык жактан өнүгүсүүнө шарт түзгөн өбөлгөлөр менен шарттарына көңүл бурулду. О.э. тарыхый булактардын негизинде ошол мезгилдин учур талабын объектидүү кароо менен жалпылык мүнөзгө ээ, изилдөө иштериндеги жетишкендиктерди ырастоо менен бирге айрым бир мүчүлүштүктөрүн толуктап калыбына келтирүүгө көнүл бурулду.

Тарыхый–салыштыруу ыкмасы башка тарыхый окуялар менен түздөн-түз салыштыруу, теорияны куруу же бүгүнкү күнгө шилтеме берүү аркылуу

белгилүү бир убакыттан жана жерден тышкары түшүндүрмөлөрдү түзүү максатында тарыхый окуяларды иликтеген коомдук изилдөө ыкмасы. Коомдогу болуп өткөн тарыхый окуялардын өз ара диалектикалык байланыштыгынан улам тектеш окуяларда максаты, мүнөзү жагынан тигил же бул маселеде кайсыл бир деңгээлде окшоштуктардын болушу толук ыктымал. Изилдөөнүн жүрүшүндө тарыхый фактарды салыштыруунун негизинде жүргүзүлгөн ыкманы колдонуу менен аймактын өнүгүү тарыхындагы өсүү динамикаларынын, башка аймактардагы тектеш тарыхый процесстердеги окшоштуктар менен айырмачылыктарды аныктоодо колдонулду. Кыргызстанда түштүк аймактарындагы тарыхый окуялардын мезгилдик байланыштагы саясий, социалдык, экономикалык өнүгүүсүнө байланыштуу калктын отрукташуусу менен бирге бир катар айылдар менен шаар тибиндеги кыштактар калыптанган. Кадамжай районун аймагындагы белгилүү Кадамжай сурма комбинаты менен Айдаркен сымап комбинаттары Кыргызстандын өнөр-жайынын өнүгүүсүндөгү учурунда союздук деңгээлдеги ишканалардан болгон. Аймактын тарыхый-экономикалык өнүгүүсүн изилдөөдө тарыхый-салыштырма изилдөө ыкмасынын негизинде Кыргызстандын түштүк аймагындагы башка райондор менен салыштыруу анализи райондун өнүгүү динамикасын комплекстүү кароого мүмкүндүк берди.

Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө Кадамжай районунун тарыхына байланышкан архивдик булактар, статистикалык маалыматтар, тарыхый фактылар, логикалык ыкмалардын негизинде системалаштырылып жыйынтыктарды чыгарууга өбөлгө түздү. Изилдөө ишинин алкагындагы аймактагы болуп өткөн окуялар жалпы тарыхый окуялардын ичиндеги системанын бөлүгү катары каралды, мында тарыхый–системдүүлүк методу колдонулду.

Тарыхый изилдөөнүн эмприкалык ыкмасы (тарыхый маалыматтарды чогултуу ыкмалары) илимий изилдөөнүн негизгин түздү. Диссертациялык ишти жазууда архивдик, статистикалык маалымат менен изилдөө ишинин объектиси, предметине ылайык тарыхнаамалык эмгектердеги маалыматтар менен бирге андагы негизги жыйынтыктар дагы роль ойноду. Диссертациялык ишти жазууда 10дон ашык тарыхый булактык эмгектер менен бирге 100дөн ашык илимий эмгек колдонулду.

Диссертациянын үчүнчү бабы **«Кадамжай району кеңеш доорунда (1938-1991-жж)»** деп аталат.

Молотов району (7–10-май 1937–ж.) курамында Үч–Коргон, Кара–Кыштак, Жал, Майдан, Марказ, Кара–Дөбө, Суухана жана Төө–Моюн айылдык кеңештери менен түзүлгөн. 1938-жылы 2-мартта Кыргыз ССРинин БАК Президиумун Молотов районунун бөлүнүшү боюнча чечим кабыл алган. Молотов районунун курамынан Көтөрмө, Охна, Халмион, Бирлик, Яркутан айылдык кеңештерин бөлүп өз алдынча район түзүлгөн. Жаны түзүлгөн район Халмион аталып, борбору Пүлгөн айылдык кеңеши бекитилген. БАК Президиуму Кыргыз ССРинин БАКнин Халмион районун уюштуруу комитетини жаңы түзүлгөн райондун айылдык кеңештерин айылдарга

бөлүштүрүү менен бирге Кадамжай кенин алдында жаңы жумушчу кыштагын түзүүнү тапшырган .

Кыргыз ССРинин БАКынын Халмион районун уюштуруу комитетинин ходотайствосунун негизинде Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Президимунун 1939-жылдын 18-сентябрында буйругу менен райондогу Бирлик айылдык кеңешин курамынан Ак-Турпак, Өтүкчү, Сары-Камыш, Кесей, Чоң-Кара калктуу пункттарын бөлүп, борбору Ак–Турпак айылы болгон "Ак-Турпак" айылдык кеңешин түзгөн[30.с.28]. Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин ушул эле буйругу менен Бирлик айылдык кеңешинин борбору Айдаркен айылы бектилген.

1940-жылдын 19-октябрында СССР Жогорку Кеңешинин Президиумунун «Об увековечении памяти М. В. Фрунз» Буйругунун негизинде пролетариаттын полководеци М. В. Фрунзенин ысымын түбөлүккө сактоо максатында Кыргыз ССРинин Ош областынын курамындагы Халмион району Фрунзе району жана Кадамжай кенине М. В. Фрунзенин ысмы ыйгарылган.

Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Президиумунун 1940-жылдын 19-декабрындагы буйругу менен Ош областынын Фрунзе районунун борбору Пүлгөн айылы Фрунзеге, Кадамжай жумушчу шаарчасынын аталышы дагы Фрунзе болуп өзгөртүлгөн. Ал эми Айдаркен кенинин алдындагы жумушчулардын калктуу пункутуна Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин 1942–жылдын 13–февралындагы буйругу боюнча Айдаркен жумушчу кыштагы деген ат берилген. 1959–жылы Үч–Коргон району жоюлуп анын составындагы Кулатов атындагы совхоз толугу менен Ноокат районуна өткөрүлүп берилип калган бөлүгү Фрунзе районуна кошулат.

Улуу Ата Мекендик согуш учурундагы өнөр жайдын өнүгүшүнө байланыштуу бир катар калктуу пункттар шаарлар, шаар тибиндеги жумушчу кыштактар кайра түзүлгөн. 1942-жылдын февралындагы Кыргыз ССРинин Жогорку Кенешинин Президиумунун буйругу менен Айдаркен ири жумушчу кыштагы түзүлөт .

1959-жылдын 6-июлуна чейин Ош областынын курамынданы алгач Кызыл-Кыя (1928–1936-жж.), 1936–1957-жылдын 6-июлуна чейин Молотов, андан кийин 1958-жылдын 26-ноябрь чейин Үч-Коргон деп аталган район жоюлуп, аталган райондун аймагы Ноокат жана Фрунзе райондоруна бөлүнүп берилген.

Кадамжай районунун аймагынын жалпы аянты 6,1 миң км$^2$ түзүп, Фергана тоо этегинин түштүк бөлүгү менен Алай кырка тоосунун өрөөнгө караган түндүк тарабында жайгашкан.

1956-жылы даяр продукцияны чыгаруу боюнча план белгиленген ассортиментте аткарылган. Металл сурмасын чыгаруу 102,1%, анын ичинде Су0–103,8%, Су1–99,9%, Су4–104,1%, госрезервге металл 100% чыгарылган, крудум-135%, жогорку таза трехокис–105%, трехсернистой сурма–105,8%. Электролиз металлын бөлүп алуу планы 100,5%, га ал эми сурманын трехокиси 100,5%га ашыра аткарылган. Байытуучу фабрика 1956-жылы планын 115%,

концентратты чыгаруу планын–120,3% ашыгы менен аткарган. Руда болсо 113,2 % казып алынган.

Өткөн кылымдын 80–жылдарынын ортосунан баштап экономикалык өнүгүүдөгү беш жылдык пландарды аткаруудагы стагнация башталган. Эл чарбасынын өнүгүүсүнүн беш жылдык планын аткаруудагы Кыргызстандын совет мезгилиндеги өнүгүүсү тарыхый изилдөөлөрдө белгиленип тарыхый анализ кылынды.

Райондогу билим берүү тармагын уюштуруу жана көзөмөлдөө максатында 1946-жылы Фрунзе райондук элге билим берүү бөлүмү түзүлгөн. Бөлүмдүн ачылышы райондогу мектеп, бала бакчаларынын оптималдашырууга, андан ары уюшкандыкта иштөөгө жакшы натыйжа берген. Ошондой эле райондо жаңы мектептердин проектилерин түзүү, курулушун тездетүү маселелерин тездеткен.

Диссертциянын төртүнчү бабы **«Кадамжай районунун эгемендүүлүк жылдарындагы социалдык-экономикалык абалы»** деп аталат.

Кыргызстан көз карандысыз мамлекеттүүлүгүн жарыялаган мезгилде Кадамжай району алгач Ош областынын административдик аймагынын (район) бири болгон. Өткөн кылымдын 90-жылдарынын башында республиканын бир катар аймактарына, алардын аталыштарына өздөрүнүн тарыхый аттары кайрылып бериле баштаган. Ошондой тарыхый өзгөрүүгө райондун аталышы дагы туура келген. 1992-жылдын 6-мартындагы Кыргыз республикасынын Жогорку Кеңешинин чечими менен Фрунзе районунун аталышы Кадамжай району деп өзгөртүлгөн.

1999-жылдын 13-октябрында КР Жогорку Кеңешинин чечиминин негизинде КР Президентинин № 110 буйругу боюнча өз алдынча Баткен облусу түзүлгөн. Жаңы түзүлгөн облустун курамына Ош областынын батыш аймагындагы Лейлек, Баткен, Кадамжай райондору жана Кызыл-Кыя шаары кирген.

Баткен областына курамындагы 3 райодун ичинен Кадамжай районунун территориясы чоң, жалпы аянты 6 146 км$^2$. Баткен районунун жалпы аянты 5 948 км$^2$ болсо, Лейлек районун жалпы аянты 4 653км$^2$ түзөт. Ошондой эле райондун так ортосунда Өзбек Республикасынын Фергана облусунун Фергана районуна караштуу Шахимардан айылдык Кенеши (аянты140 га) жайгашкан.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарынан берки өлкөдөгү экономикалык коопсуздуктун проблемасы түздөн-түз биз изилдөөгө алып жаткан Кадамжай районунда дагы эң олуттуу маселелеринен. Баткен областынын Кадамжай, Баткен, Лейлек райондору Кыргызстан көз карандысыздыгын алган алгачкы жылдары салыштырмалуу башка аймактарга караганда стабилдүү деп каралган. Мындай көз караштын калыптанышына кеңеш мезгилдеги аталган райондордун коңшу Өзбекстан, Тажикстан союздук республикалардын чектеш аймактары менен болгон маданий, экономикалык тыгыз байланыштары түрткү берген. Кеңеш мезгилинин алгачкы жылдарында калыптанган бирдиктүү экономикалык аймактык өзгөчөлүк, айыл чарбасындагы эмгектин туруктуу бөлүнүшү, айыл чарба товарларын алмашуудагы көп жылдык тажрыйба

стабилдүүлүктүн сакталышына жана коңшу өлкөлөр менен болгон кызматташтыктын уланышына кепилдик, ишеним жараткан.

Райондун бардык аймагы айыл чарбачылыгы үчүн ыңгайлуу эмес. Алсак, Айдаркендин жаратылыш климаты айыл чарбачылыгы үчүн эң ыңгайсыз, ошондуктан айыл чарбасы начар өнүккөн. Кыштактын аятынын 2 % жеке участоктор түзөт (83га), ага картошка, сабиз ж.б. жашылчаларды айдашат. Кыштакта 11 фермердик дыйкан чарба катталган, 1295 кошумча жеке чарба бар. Аларда 93 ири мүйүздүү мал, 262 майда мал бар. Мындан тышкары 4 тегирмен, 1 механикалык мастерской, 2 машиналарга май куюучу жай, чоң, мал, жашылча-жемиш саткан 3 базар, 36 коммерциялык майда дүкөн иштейт. Райондун чарбасында өнөр жай тармагы өндүргөн продукция республикада маанилүү орунду ээлеген. Алар дүйнөгө белгилүү «Кадамжай сурма комбинаты» жана «Айдаркен сымап комбинаты» АКтары. Андан тышкары райондо 12 өнөр жай ишканасы бар; ирилери: Кадамжай ун тартуу ишканасы, «Кан өнөр жай комбинаты» жана Кадамжай нан бышыруучу АКтары, Бүргөндү мөмө-жемиш шарап комбинаты. Өнөр–жай ишканалары негизинен Кадамжай шаарында, Айдаркен шаарында, Кан шаарчаларында, Пүлгөн жана Бүргөндү айылдарында жайгашкан.

Райондун курамындагы Кадамжай, Айдаркен шаарлары совет мезгилинде шаар тибиндеги жумушчулардын кыштагы болгон жана кен иштетүүчү комбинаттар шаардын өсүшүнө, инфраструктурасынын жакшырышына салым кошкон. Азыр райондун борбору болгон Кадамжай шаары 1992-жылга чейин Фрунзе деп аталып келинген.

ААК «Кадамжай сурма комбинатынада» 1500дөн ашык киши, Кадамжай турак–жай коммуналдык ишканасында 50дөн ашык, ААК «Кадамжай шахта курулуш башкармалыгында» 100дөн ашык киши иштешет. Мындан тышкары шаарда пескоблок жана брусчаткаларды чыгаруучу 2 кичи завод, сүт азыктарын өндүрүүчү кичи завод бар. Алардын чыгарган продукциялары Ош, Жалал-Абад областтарына, Өзбекстандын чек ара аймактарындагы калкка сатылат. Шаарда механикалык цех, металл өндүрүүчү 2 цех, пластик терезе, эшиктерди чыгаруучу цех, 2 жыгач иштетүүчү ишкана, 3 столярдык цех иштейт. 2011-жылга карата 624,7 млн. сомдук өндүрүш, өнөр жай продукциясы чыгарылган.

Райондо 82 жалпы билим берүүчү мектеп бар, анын 71и орто, 6 сы толук эмес, 3өө башталгыч жана балдардын жатак мектептери, 2 гимназия, 2 лицей. Мындан тышкары 2 кесиптик–техникалык окуу жайында жалпы билим берүү менен бирге тракторист, кийим тигүүчү, айылдык курулуш уста адистиктерине даярдашат. Ошондой эле маданият үйлөрү, балдардын музыкалык жана спорттук мектептери, 51 китепканалар (көбү маданият үйлөрүнүн ичинде) иштейт. Каждамжай шаарында балдар бакчасы иштейт, анда 700дөн ашык бала тарбияланууда, 2 жалпы орто билим берүүчү мектепте107 мугалим 1850дөн ашык окуучуга билим берет. «Семетей» кыргыз–түрк лицейинде 350 окуучу окуп, 65 мугалим иштейт. Шаарда № 72 техникалык лицей, 240 орундуу № 5-орто мектеп бар, бирок мектепте 164 окуучу окуп, 16 мугалим сабак берет.

Стратегиялык жактан ыңгайлуу шартта жайгашкан Кадамжай районунун дүйнөлүк ааламдашуу шартындагы социалдык–экономикалык жана маданий жактан өнүгүүсүнө мүмкүнчүлүк арбын.

## КОРУТУНДУ

Диссертациялык иштин жыйынтыгы боюнча төмөнкүдөй ***тыянактарды*** чыгарууга болот:

1. Кадамжай районунун кеңеш жана эгемендүүлүк мезгилиндеги саясий, социалдык-экономикалык тарыхын изилдөөдө кеңири пайдаланылган бир катар тарыхый булактык маалыматтар кыргыз тарыхнаамасында алгачкы жолу колдонулуп, илимий айлампага киргизилди.
2. Райондун калыптанып, түзүлүү тарыхы Кеңеш мамлекетинин калыптануу этаптарында жүргүзүлгөн административдик-аймактык түзүлүштөр боюнча кабыл алынган чечимдерге ылайык жүргүзүлгөн. Чек ара маселесиндеги коопсуздук толугу менен чечилип, бирок анклавдардын болушу экономикалык коопсуздукту дагы маал-маалы менен жаратып жатканы анык экендигин карай алдык.
3. Аймактын Кеңеш доорундагы экономикасынын өнүгүүсүндөгү негизги багыттар айыл чарба, өнөр жай тармактары болгон. Кадамжай жана Айдаркен металлургиялык комбинаттары иштеген Кадамжай районунун коомдук-саясий турмушу өнөр жай тармагы менен тыгыз байланышкан.
4. Эгемендүүлүктүн баштапкы жылдарындагы экономикалык кризис, жумушсуздук жана миграция көйгөйлөрү район жетекчилигин ашыкча чыгымдарды кыскартуу, менчиктештирүү, инвестиция тартуу, чакан жана орто бизнести колдоо ж.б. аракеттерди жасоого түрткөн жана анын натыйжасында райондо экономикалык туруктуулукту орноткондугу көрсөтүлдү.
5. Райондун географиялык жактан ыңгайлуу аймакта жайланышы, эмгек жана экономикалык ресурстарынын жетиштүү болушу жана кадамжайлыктардын айыл чарбасында маданий өсүмдүктөрдү өстүрүп, аны экспортоого мыкты шарт уюштурулгандыгы аныкталды.
6. Райондун социалдык–маданий инфраструктурасынын түзүлүшүнө өнөр жайынын өнүгүшү ыңайлуу шарттарды түзгөндүгүн аныктадык. Кадамжай району кеңеш доорунда өз алдынча район катары калыптанган мезгилден баштап аймактын маданий, социалдык инфраструктуралы калыптанып, өнүгө баштаган.
7. Эгемендик мезгилиндин алгачкы жылдарындагы экономикалык кризистерден улам, айрым социалдык-маданий объектер бузулуп, кыйроого учураган. Баткен областына өзүнө статус берилгенден баштап райондун аймагындагы социалдык, маданий инфраструктураларды кайра калбына келтирүү иштери башталгандыгын белгилейбиз.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР:

- аймактын тарыхы, өнүгүү абалы, райондун аймагынан чыккан белгилүү ишмерлердин (эмгек, маданий, мамлекеттик, саясий, партиялык)

инсандардын ролу боюнча маалыматтарды камтыган документтер менен райондун музейин байытуу;

- Кадамжай районунун жетекчилиги, райондо өндүрүлгөн жашылча, мөмө–жемиштерди кеткен чыгымды актаган баадан жогору баага сатып өткөрүү үчүн Казакстан, Россия сыяктуу өлкөлөр менен келишим түзүүнү колго алуу;
- азыркы мезгилдеги айыл чарбасын уюштуруудагы жаңы технология болуп жаткан тамчылатып сугарууну кеңири жайылтуу жана бул иш–чараны ишке ашыруу үчүн инвестиция тартуу. Ишкердикти өнүктүрүү үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү, зарыл болгон жер участокторун убагында бөлүп берүү;
- кайра иштетүүчү ишканаларды курууга инвестиция тартып, логистикалык борборлорду курууга колдоо көрсөтүү;

**Диссертациянын темасы боюнча жарыяланган эмгектердин тизмеси:**


1. Таиров, Х. Р. Кадамжай районунун этнодемографиялык маселелери [Текст] /Х. Р. Таиров // Наука и новые технологии. – 2013. – №5. – С. 69-70. http://science-journal.kg/ru/journal/1/search_title?search_param=
2. Таиров, Х. Р. Кадамжай сурма комбинатынын өнүгүү тарыхы [Текст] / Х. Р. Таиров, Ж. С. Кыпчакова // Наука и новая технологии инновации Кыргызстана. – 2021. – №8. – С. 85-89. https://elibrary.ru/item.asp?id=48219768
3. Таиров, Х. Р. Кадамжай районундагычек ара маселелери [Текст] / Х. Р. Таиров, Ж. С. Кыпчакова // Наука и новая технологии инновации Кыргызстана. – 2021. – №8. – С. 90-93. https://elibrary.ru/item.asp?id=48219769
4. Таиров, Х. Р. Кадамжай районунун айыл чарбасынын өнүгүүсү [Текст] / Х. Р. Таиров // Известия ВУЗов. – 2021. – № 6. – С. 170-173. https://elibrary.ru/item.asp?id=48418904
5. Таиров, Х. Р. Кадамжай районундагы Социалистик Эмгектин жана Кыргыз Республикаларынын Баатырлары [Текст] / Х. Р. Таиров // Наука и новая технологии инновации Кыргызстана. – 2023. – № 8. – С. 258-262. https://elibrary.ru/item.asp?id=65663772
6. Таиров, Х. Р. Исторические аспекты реализации программы развития ООН в Кыргызстане [Текст] / Ш. Б. Шеров, Х. Р. Таиров // Международный журнал гуманитарных и естественных наук. – 2021. – № 10-1 (61). – С. 52-56. https://elibrary.ru/item.asp?id=47207046
7. Таиров, Х. Р. Абдыкадыр Орозбеков - улуттук саясий лидер [Текст] / Х. Р. Таиров // Наука и новая технологии, инновации Кыргызстана. – 2023. – № 8. – С. 254-257. – Б. https://elibrary.ru/item.asp?id=65663771
8. Таиров, Х. Р. Изменения в образовании, социальной и культурной жизни Кадамжайского района Кыргызской Республики [Текст] / Х. Р. Таиров // Международный журнал гуманитарных и естественных наук. – 2024. – №1-1 (88). – С. 50-56. https://elibrary.ru/item.asp?id=60397978

**Таиров Хайриддин Рахманалиевичдин 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча «Кадамжай районунун тарыхы» деген тема тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

**РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр:** Кадамжай, район, аймак, Айдаркен, Хайдаркен, тарых.

**Изилдөөнүн обьектиси –** Кадамжай районунун советтик жана эгемендик мезгилдеги тарыхы.

**Изилдөөнүн предмети –**советтик жана эгемендүүлүк жылдарындагы Кадамжай районунун админстративдик түзүлүшүнүн тарыхы, экономикалык өнүгүүсүнүн динамикасы жана райондун социалдык, маданий абалы.

**Диссертациянын негизги максаты.** Кадамжай районунун Совет доору жана эгемендүүлүк мезгилиндеги социалдык-экономикалык жана маданий жактан өнүгүү тарыхын комплекстүү изилдөө болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн теориялык – метологиялык негизи.** Изилдөөдө архивдик документтер, илимий эмгектер жана оозеки тарых булактарына салыштырмалуу анализ жүргүзүү менен бирге, изилдөөнүн историзм, илимий обьективдүүлүк, салыштырма тарыхый, тарыхый хронологиялык ыкмалары колдонду.

**Изилдөөнүн илимий жаңычылдыгы.** Кадамжай районун советтик жана эгемендүүлүк мезгилиндеги изилдөө багыты боюнча жазылган тарыхнаамалык эмгектерге анализ жасалып, райондун тарыхы, экономикалык жактан өнүгүүсү жана перспективалары боюнча бир катар тарыхый булактар, архивдик маалыматтар алгачкы ирет илимий айлампага киргизилди. Райондун калыптануу тарыхы менен бире анын советтик жана эгемендүүлүк мезгилиндеги өнүгүүсүнө комплекстүү тарыхый анализ кылынып, жыйынтыктар чыгарылды. Кадамжай аймагы учурдагы глобалдык согуштук-саясий туруксуз мезгилиндеги республика үчүн маанилүү чөлкөм экендиги такталды.

**Колдонуу боюнча сунуштар.** Диссертациялык изилдөөдө алынган жыйынтыктары тарыхнаамалык негизде чөлкөм таануу багытындагы изилдөөлөрдү жүргүзүүдө, илимий, окуу-усулдук, край таануу багытындагы китептерин даярдоодо кеңири пайдалануу менен студенттерге, мектеп окуучуларына өлкөнүн аймактарын таануу, мекенчилдикке тарбиялоо багытындагы дарстарды окууда колдонууга сунушталат.

**Колдонуу чөйрөсү.** Изилдөөнүн жыйынтыгы Кыргызстандын аймагын таануу багытындагы окуу куралдарын, усулдук колдонмолорду иштеп чыгууда колдонууга болот.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Таирова Хайриддина Рахманалиевича на тему: «История Кадамжайского района» на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности 07.00.02 – отечественная история**

**Ключевые слова:** Кадамжай, район, регион, Айдаркен, Хайдаркен, история.

**Объект исследования** – история Кадамжайского района в советское и постсоветское время.

**Предмет исследования** – история административного устройства, динамика экономического развития и социального, культурного состояния Кадамжайского района в советские и годы независимости.

**Основная цель исследования:** комплексное исследование истории социально – экономического и культурного развития Кадамжайского района в советскую эпоху и в период независимости.

**Теоретико – методологическая основа исследования.** В исследовании наряду с сравнительным анализом архивных документов, научных трудов и источников устной истории использовались методы историзма, научной объективности, сравнительно-исторический, историческо-хронологический методы исследования.

**Научная новизна исследования**: Проведен анализ историографических работ, написанных по направлению исследованию Кадамжайского района в советское и постсоветское время, впервые в научный оборот введен ряд новых исторических источников, архивных сведений по истории, экономическому развитию и перспективам района; проведено комплексное исследование истории становления административно-территориального устройства Кадамжайского района в советское время, направлений экономического развития – сельского хозяйства, промышленности, предпринимательства, сделаны выводы; всесторонне исследованы направления экономического развития района в период независимости – сельское хозяйство, промышленность, частное и малое предпринимательство, и проанализированы перспективы их развития.

**Рекомендации по применению.** Выводы исследования могут быть широко использованы при проведении исследований на историографической основе в области регионоведения, при составлении научно-методических и краеведческих книг, рекомендуются студентам и школьникам к использованию на уроках в области изучения регионов страны и воспитания патриотизма.

**Область применения.** Результаты исследования могут быть использованы при разработке учебных пособий, методических пособий по изучению территории Кыргызстана.

## RESUMMARY

**of the dissertation work of Tairov Khairiddin Rakhmanalievich on the topic "History of Kadamzhai district" for the degree of candidate of historical sciences in the specialty 07.00.02 History of the Motherland**

**Keywords**: Kadamzhai, district, area, Aidarken, Khaydarken, history.

**The subject of the study** is the history of the administrative structure of Kadamzhai district in the Soviet and post-independence years, the dynamics of its economic development and the social status of its population.

**The main topic of the dissertation** is a comprehensive study of the history of the socio-economic and cultural development of Kadamzhai district in the Soviet and post-independence years. The theoretical and methodological basis of the study. The research includes a comparative analysis of archival documents, scientific works, and oral history sources, as well as the study's historicism, scientific objectivity, comparative history, and historical used chronological methods.

**Scientific innovation of research.** The historiographical works written in the field of research of Kadamzhai district during the Soviet and independence periods were analyzed, and a number of historical sources and archival data on the history, economic development and prospects of the district were first introduced into the scientific circle. Along with the history of the formation of the district, a comprehensive historical analysis of its development during the Soviet and independence periods was made and the results were drawn. It was clarified that the Kadamzhai region is an important region for the republic in the period of global military and political instability.

**Recommendations for use**. Obtained in dissertation research. The results are widely used in conducting studies in the field of regional studies on a historiographical basis, in the preparation of books on scientific, methodological, and regional studies, and are recommended to students and schoolchildren in the study of lessons in the field of learning about the regions of the country and education for patriotism. Scope of application.

**The results of the research** can be used in the development of educational tools and methodological manuals for the recognition of the territory of Kyrgyzstan.